УДК 809.1

Э.К.Мусаев

*И.Арабаев атындагы КМПУ*

# Б.ЖАКИЕВ – ПРОЗАИК

*Кыргыз адабиятынын өнүгүшүнө зор салым кошкон калемгерлердин бири – Б.Жакиев. Б.Жакиевдин ысымы окурмандарга «Атанын тагдырынан» тартып «Алтын аяк», «Миң кыял», «Жүрөлүүчү жүрөк оорутпай» жана башка көптөгөн драмалык чыгармалары менен белгилүү болгон. Бирок, чыгармачылык өнөрканасында көп кырдуу талант-сценарист, котормочу жана да прозаик экендиги окурман журтунун бардыгына дайын эмес. Бул чакан макалада прозалык чыгармалары (новеллалары), алардагы жазуучунун сүрөткерлик чеберчилиги жөнүндө сөз болмокчу.*

Адабият майданына «Атанын тагдыры» аттуу алгачкы пьесасы менен келип кирип, жалпы журтчулукка таанылган таланттуу драматург Бексултан Жакиев чыгармачылык жолун прозада баштагандыгы окурмандардын бардыгына эле дайын эмес. «Атанын тагдыры» пьесасын алгач повесть кылып жазууну пландаштырганын, анан жарымдап калган мезгилде пьесага айлантып кайра жазгандыгын автор: «1958-жылы повесть баштадым. Повесть болжолумда жеңем жөнүндө болмокчу. Дүйшө деген байкем согушта курман болуп кара кагаз келди. 1943-жыл экен ошондо. Жеңем мектепте мугалим, сымбаттуу, оор басырык, таза адам эле. Байкемди угузгандан кийин беш жылча күттү. Жеңемди эжемдей көрүп, эже дечүмүн. Үйдөгүлөр дагы аны кызындай асырачу. Бирок, акыры ыйлай-сыктай ажыраштык, жеңемдин жалгыз уулун бербей алып калдык… Мына согушуң соолгурдун кылары ушул! Жетим, жесир! Жакын адамдарды ыраактатат, ынак адамдарды биринен-бирин бөлүп жарын, башка үй-бүлө күттүрдү. Алиги жаза баштаган повестим ушуларды баяндамак: жаш келиндин тазалыгы, адамгерчилиги, жакшы көрүп сыйлашкан кайната-кайненеден ажырап, башкага туш болуусу, күйүтү жөнүндө айтылыш керек эле.

Бирок күндөрдүн биринде, туурасын айтсам түндөрдүн биринде, ал кезде бирөөнүн кичинекей үйүн жалдап турган студент элек, жазып отурган повестим бир жерге келгенде такалды да жылбай кыйналып атып, бир кезде өзүнөн өзү пьесага айланып, өзгөрүп кетти. Чыгарма эми жесир калган келин жөнүндө эмес, ата жөнүндө болуп «Атанын тагдыры» жазылды», - деп эскерет (1, 6-бет). Демек, Б.Жакиевдин чыгармачылыгы эки жанрда: прозада жана драматургияда тең алектенүү менен башталган.

1962-жылдан 1965-жылга чейинки аралыкта автор тарабынан үч новелла жазылган. Алар: «Мен байкемден улуумун», «Бороондуу жолдо», «Сага айткан сөз».

«Бороондуу жолдо» новелласында автор адабияттагы түбөлүктүү тема – сүйүү темасына эки жаштын ортосундагы тунук махабатка, сүйүүнүн улуулугуна кайрылат.

Чыгарма адеп башталганда эле Балыкчынын бороонун сүрөттөөдөн башталат. Пейзаждык сүрөттөөлөр чыгарманын көркөмдүгүн арттырып, функционалдык милдети көп кырдуу. Тактап айтканда, образдын психологиялык абалы ички дүйнөсү менен чагылса, жалпы масштабдан алганда табигат бүтүндөй эл кайгысы, кубанычы менен ортоктош, айрым учурларда алдын ала окуянын финишинен кабардар кылат. Балыкчынын бороонун элестүү, сүрдүү сүрөттөгөн эпизод жаратылыштагы бир кубулушту сүрөттөгөндөй элес калтырганы менен алдын ала окуянын финалынан, башкача айтканда, турмушта кездешүүчү татаал кырдаалдан алдын ала кабар берип тургансыйт.

Көлдүн албуут толкуну бороонго туруштук бере албай «кайра тартылганда жээктеги кумга жүдөө сүйкөнүп, байлоодо кала берген» (1, 68-бет) сыяктуу айрым адамдар дагы турмуштагы кездешүүчү кыйынчылыктарды башынан кечирип, далай азап-

тозоктордун кесепетин көрүп жапа чегүүгө дуушар болушат. Мына ушундай адамдардын бири-чыгармадагы Шейше. Шейшенин турмушунда болгон окуяларды баштан аяк ireттүү баяндоо менен автор күндөлүк жашообузда анчалык маани берилбей көз жаздымда кала берген өтө орчундуу проблеманы козгоого далалат жасаган. Ырасында эле илгери үмүттү жоготушуп, адамдык сапаттан кетип, чөйрөсүндөгү адамдарга жек көрүндү болгон пенделер жок эмес. Турмушубуздагы мына ушундай адамдардын биринин тагдырына кайрылып анын мындай тагдырга жеткендигин терең талдап бүтүм чыгаруу менен ойлонууга мажбур кылат. Чыгармадагы образдарды талдап көрсөк, Шейше өмүрүндө адамга жамандык кылууну каалабаган, бирөөнө акаарат кылып сөз айтууну оюна албаган жөнөкөй адам. Дал ушул мүнөзү анын чечкинсиздигинен кабар берет. Өз тагдырын өзү чече албаган Шейшенин тагдырын анын туугандары заматта жөнгө салышты. Натыйжада, арзышып алган жарынан, үй-бүлөсүнөн кол жууду да, жүрөк оорутарлык тагдырга туш болду.

Ал эми Айым токтоо, улууга урмат кичүүгө ызаат кылган, сүйүүгө туруктуу аял заты. Анда аялга таандык назик сапаттардын бардыгы бар. Бир гана кемчилиги, ал төрөбөйт. Шейше экөөнүн тагдыры чечилип жаткан эпизоддо анын мүнөзү даана байкалат.

«Айымдын мууну калч-калч этип, ирени өчүп, мээсинен жаранка кетип, ошол жаранкага чыкыроон аяздын муздак эпкини сызылып кирип жаткансып, көзүнө эч нерсе көрүнбөй жер алай-дүлөй, астын-үстүн боло түшкөнсүдү. Калтырап-титиреп, ордунан араң турду да, буулугуп эрдин кесе тиштеп: Акелер, м... мени эл-журт ылайык тап... ылайык таппаса... Шейше да бала жытын сагынды... анын таалайына жолтоо болбоюн, ылайым эле... - деп сөзүн аяктоого дарманы жетпей көзүн баса шарт бурулуп, каалганы ачык таштаган тейинче үйдөн жүгүрүп чыгып кетти».

Өз теңине карата сүйүүсү күчтүү болсо да, кайын журтуна ыйба кылуу менен, эч кимисинин көңүлүн оорутпай кечирим суроо менен кетип калат. Бул жерде автор Айымдын мындай иш-аракети менен анын чечкинсиздигин эмес, тескерисинче, кыргыз элинин мүнөзүнө, кан-жанына сиңип калган патриархалдык психологиянын саркындыларын сынга алган. Бул ошол 60-жылдардагы адабиятта орчундуу темалардын бири болгон да, эскиден калган мындай жат көрүнүштөр социалисттик коомдун нормаларына ылайык келген эмес.

Акыры Шейше экөөнүн сүйүүсү жеңди. Ал Шейшени кечирүү менен кайрадан анын жакшы көргөн ысык жары болуп калуунун туура көрдү.

Чыгарма баштан аяк баяндоо ыкмасында таамай, көркөм, реалдуу берилип, кейипкерлердин кулк-мүнөзүнө, кыймыл аракетине жараша бирде эпикалуу жай, бирде лирикалуу, бирде динамикалуу, бирде эмоциялуу кызыктуу өнүгүп жүрүп отурат.

Диалогдогу репликалар ишенимдүү, каармандардын психологиясына, эмоциялуу абалдарына жараша реалдуу чагылдырылып, курч иштелген. Новелла стилдик жактан да мыкты иштелип, айрым эпизоддор автордун мыкты пейзажист, чебер лирик экендигин аныктайт. Шейше менен Айымдын сүйүүсүн чагылдырууда алардын ички толгонууларын, бири-бирине болгон ыйык сезимдерин, кусалануйларын, айрым бир кыжалаттануу өндүү психологиялык моменттер автордун өзгөчөлүгүн дааналап турат. Алсак, Шейше Айым кеткенден кийин анын элесин издеп кусаланып кыйналды. Булуттун сууга чагылышынан дагы жубайынын элесин издеп таап, аны карап отурушу лирикалуу да, образдуу да берилет.

Бексултан Жакиевдин дагы бир экинчи новелласы «Мен байкемден улуумун» деп аталат да, өзүнүн башынан өткөргөн турмушу баяндалат. Новеллада Асылбектин эрдиги автор тарбынан жогорку деңгээлде көркөм иштелгендиги байкалат, ал эми башка эпизоддор документалдуу баяндоого жакын. Бул эки башка баяндоо стили бири-бири менен айкалышып чебер иштелген. Автордук баяндоо көркөм жана ишенимдүү. Бир катар

туруп Асылбектин согушка чейинки күндөрү баяндалса, бир туруп согуш талаасы сүрөттөлөт. Бул ыкма чыгарманын стилин бузбастан, тескерисинче ыраатту өнүгөт. Согуш талаасындагы окуя кино тасмадагыдай элестүү. Чыгармада кырдаалга жараша пейзаждык сүрөтөө берилген. Алсак, согушка чейинки учур ачык-асман, кызыл-тазыл гүлдөргө толуп, жыты аңкыган жайлоо менен коштолуп турса, согуш учурундагы кыйынчылык күңүрт асмандуу көрүнүш менен сүрөттөлүп параллелизм ыктуу пайдаланылган.

Асылбектин сүрөтү чыгармадагы окуянын өнүгүп отурушунун негизги деталы.

Чыгарманын финалында автор эң сонун идеяны образдуу берген. Адамдар өлбөсө, жамандык болбосо, бир туугандарынан айрылбай баары жакшы жашаса деген оюн «башка адамдар өз байкелеринен улуу болбой, өз орду менен, өз учуру менен болсо экен» деп билдирет. Себеби, анын байкеси сүрөттөгү боюнча жапжаш, күлүмсүрөп турганы гана болбосо карыбай да, жашарбай да бир калыпта. Ал эми лирикалык каарман жыл сайын жашы өйдөлөп улгайып барат. Мындай ыкма менен терең философиялуу ойду туюнта алган.

Мектеп окуучуларына ар дайым жаңы ой камтылган чыгарма тартуулап, туура жакка үндөп туруу ар бир учурдун адабиятчысынын негизги милдети. Б.Жакиевдин «Сага айткан сөз» аттуу новелласы мектеп жаындагы балдарга-өспүрүмдөргө арналып жазылган. Бүгүнкү күдүндө ата-эненин тарбиясына муктаж, эртелен туура эмес жолго багыт алган балдар жок эмес. Чылым чегүү, ичимдик ичүү кароосуз калган балдардын кендирин кесип, кийинки жашоосуна, ден соолугуна тескери таасирин тийгизерин чоңдор гана жакшы түшүндүрбөсө, жаштарга бул өнөкөт өнөр сезилип, жаш организмди тезирээк бийлеп аларын билебиз.

Новеллада лирикалык каарман чылым чегип жаткан тогуз жашар жээни Керимбекке өз башынан өткөн окуяны баян кылып берет. Керимбектин кылган иши үчүн уруп-согуп жазаласа деле болмок, бирок айтып берген аңгеме ага тереңирээк таасир берерлиги шексиз. «Зекип-такып суроодон, кагып силкүүдөн майнап чыкпасына көзүм жетти. Анын үстүнө, минтип жаман жосундарды таштатуу кыйын, баланы бузуп алышың да мүмкүн» (2, 82-б.) деп лирикалык каарман белгилегендей балдарды, жалпы эле жаш муундарды тарбиялоодо жазалоонун ордуна акыл-насаат кеңештер зор мааниге ээ экендигин педагогдор да тастыктап келишет. өз башынан өткөн окуяны айтып берүү менен бирөөнүн, же ата-энесинин айткандары боюнча иш кылбай өз ыктыяры менен жаман жосундан арыла билиш керектигин айтат. Лирикалык каармандын позициясы – бул автордун позициясы. Демек, жаш адамдын калыптаныш татаал процессинде конкреттүү турмуштук кырдаалдар таасир тийгизээрин аңдоо менен автор өз чыгармасы аркылуу айтууга, жеткирүүгө аракет кылган. Бул жаштарга өз таасирин тийгизбей койбойт жана туура жыйынтык чыгарууга чакырат. Эске ала турган жагдай автордун моралы жугумдуу жана аны берүүдө таасирдүү бир гана окуяны кыска жазууга батынгандыгы. Көлөмү жана мазмуну чубалжыган чыгарманы жеткинчектердин жеткиликтүү кабыл алышы кыйын. Мына ушундай маселени зирек баамдаган калемгер анын формалык жагдайларына да олуттуу маани берген.

Калемгердин новеллалары өзүнүн идеялык-тематикалык багыты, көтөргөн социалдык-нравалык проблемасы, мазмундуулугу, көркөм иштелиш деңгээли боюнча адабий тажрыйбасындагы сүрөткерлик талантынын дагы бир кырын окурмандардын алдына ачыкка чыгарат.

АДАБИЯТТАР:


1. Жакиев Б. Саадак какты. -Фрунзе, 1987.
2. Жакиев Б. Мен байкемден улуумун. -Фрунзе: Кыргызстан, 1984.